# Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
# № 7 ПРОТОКОЛУ

**2023-жылдын 30-марты** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Алымбекова В.,ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер
2. Факультетте тарбия иштеринин жүрүшү жана маселелери
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Мааткеримова А.М.жүйөлүү себептер менен келбегендигин айтып, Окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер.**

Факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу, Абдыкаарова Т.Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттербоюнча баяндама жасады.Ал баяндамада азыркы учурда Кытай тили, угуу жана англис тили ж.б.у.с.негизги дисципланалардан окуу курал каражаттары жетиштүү, ал эми тарых, маданият, этнография же болбосо география жана гуманитардык сабактаргатиешелүүокуу куралдар жетишсиз экендигин;жетишсиз экендигине карабастангуманитардык сабактардан берген окутуучулар интернет булактарынан карап, даярданып же болбосо сабагына байланыштуу китептер болуп калса интернет булактарынан буйрутма кылып сатып алышып жатышкандыктарын;окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы бул окутуучу тараптан жасалган силлабус,ОМК экендигин;азыркы учурда Кытай тили жана англис тили сабактарынан окутуучулар тараптан окутууга көмөк көрсөтүүчү методикалык каражаттар чыгарылып жаткандыгын; ал эми гуманитардык сабактардан окутууга көмөк көрсөтүүчү методикалык каражаттар азырынча жокко эсе экендигин айтты. Эгер ар бир гуманитардык предметтен студенттерге окутууга көмөк көрсөтүүчү методикалык каражаттар жасалса, жакшы бир жыйынтык болоорун эскертти. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев бардык окутуучуларга гуманитардык сабактардан окуу, окуу-усулдук каражаттардын үстүнөн иштөөнү милдеттендирди.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

2. **Факультетте тарбия иштеринин жүрүшү жана маселелери**

Декандын тарбия иштери боюнча орун басары, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Каримов К.Ж. Факультетте тарбия иштеринин жүрүшү жана маселелерибоюнча баяндама жасады. Мында Каримов К.Ж.тарбия иштери боюнча жүрүзүлгөн ар бир иш чара жөнүндө айтып өттү.Алсак, 1-сентябрь билим күнүнө карата 1-курстун студенттери менен факультеттин деканы жана жергиликтүү мугалимдерге жолугушуу уюштурулгандыгын,уюштурулган иш чарага ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору Шарипова Мастура Сайпидиновна келгендигин,ошондой эле факультеттин 1-курстарынын арасында болуп өткөн “Салам Конфуций институту” аттуу онлайн конкурс дагы өткөрүлгөндүгүн, анын жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлыктар тапшырылгандыгын белгиледи.
Мындан сырткары 9-сентябрь “Күз майрамында”кытай окутуучулары менен биргеликте кытай элинин күз майрамы уюштурулгандыгына,бул иш чарага 1-2-3-курстардын студенттери катышып, өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүшкөндүгүнө;26-сентябрда 1-2-курстар үчүн конок лекция уюштурулгандыгына жанаконокто кытай тилин жакшы өздөштүргөн Айсулуу Акимбаева болгондугуна;5-октябрь күнү 3-4-курстар үчүн Ош шаардык кеңешинин депутаты, үй-бүлө академиясынын негиздөөчүсү, оратор жана тренер Нуркыз Кадырбековна менен “Үй-бүлөлүк жашоого даярдык” аттуу семинар уюштурулгандыгына;5-октябрда Мугалимдер күнү, андан кийин конок лекция, 31-октябрда “Хеллоуин”, 12-декабрда “Адабият күнү”, андан кийин “Жаңы жыл” кечеси, 23-февралда “Ата мекенди коргоо күнү”, 8-мартта “Эл аралык аялдар күнү”, ошону менен бирге китеп окуу конкурстарынатоктолуп, ушул сыяктуу тарбия иштери жүргүзүлүп келе жаткан көптөгөн иш чаралар айтылды.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеевтарбия иштеринин жүрүшү жаман эмес экендигин айтып, баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

3.1 Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев 2022-2023-окуу жылында Кыргыз-Кытай факультетинин “Кытайтили жана кытай таануу” кафедрасынан Кыргызча-кытайча топик: Т.К.Айтикеев, Бакиров М., Атамова Ж., Мухтар уулу З., Акылбек у Э., жана Чэнь Вэнь окутуучуларынан “Кыргызча-кытайча текстердин топтому” жана Кыргызча-англисче топик: Т.Айтикеев, Ж. Атамова, Шеранова Н., Төрөкелди кызы А., Каримов К., жана Мухтар кызы Н.,окутуучулары тарабынан “Кыргызча-англисче тексттердин топтому” деген эки колдонмоиштелип чыккандыгын;бул сунушталып жаткан тексттердин топтомун кытай тилин жана англис тилин үйрөнүп жаткан студенттер колдонмо катары пайдаланса болоорун; ошондой эле колдонмодо берилген тексттер эки топтомдо тең эки тилде берилип, ар бир текстте түшүнүүгө татаал болгон сөздөрдүколдонуу ыкмалары да берилгендигин айтты.

Ошону менен бирге бул колдонмодо студенттерге кытай тили боюнча HSK5 жана англис тили боюнча B1, B2 деңгээлиндеги сөздөр камтылып, Кыргызстан, кыргыз элинин баалуулуктары, салт-санаасы жана Кытай элинин өзгөчөлүктөрү тууралуумаалыматтар берилгендигин;бул тексттер топтому аркылуустуденттер эки элдин улуттук баалуулуктарын, дөөлөттөрүн өздөштүрүүгө, барктап-баалоого үйрөнүшөтургандыгын;ошондой эле окурмандардын кыргыз эли тууралуу билимин, ой-тутумун өстүрүп, четжактан келген туристтерге Кыргызстан тууралуу айтып берүүдө колдонуларын айтып өттү.
Андан соң бул маселе Окумуштуулар Кеңешинин курамы тарабынан талкууга алынып, даяр болгон колдонмону басмаканадан басып чыгаруу керек экендиги айтылды.

Андан соң төрага Айтикеев Т.К. даярдалган “Кыргызча-кытайча текстердин топтому” жана “Кыргызча-англисче тексттердин топтому” колдонмолорун бекитүүнү добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен даярдалган “Кыргызча-кытайча тексттердин топтому” жана “Кыргызча-англисче тексттердин топтому” колдонмолору бекитилди.

3.2 Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын ага окутуучусу Үсөн уулу Маматаир 2023-2024-окуу жылынын окуу пландагы тандоо курстарынын каталогу боюнча маалымат берди. Берилген малыматы Окумуштуулар кеңешинин курамы менен биргеликте окуу пландагы тандоо курстарынын каталогун талкуулашты. Такуулонун жыйынтыгында декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир 2023-2024-окуу жылынын окуу пландагы тандоо курстарынын каталогун бекитүүнү сунуштады. Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. 2023-2024-окуу жылынын окуу пландагы тандоо курстарынын каталогун бекитүүнү добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен 2023-2024-окуу жылынын окуу пландагы тандоо курстарынын каталогу бекитилди.

Эки маселе боюнча ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Студенттердин жана магистранттардын окуу,окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышын жана алдыдагы милдеттерин камтыпжасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана ар бир дисциплиналардан окутуучулар окуу, окуу-усулдук каражаттарменен камсыздоо милдеттендирилсин.
2. Факультетте тарбия иштеринин жүрүшү жана маселелерибоюнча жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын.
3. Кыргызча-кытайча топик: Т.К.Айтикеев, Бакиров М., Атамова Ж., жана Мухтар уулу З., Акылбек у Э., жана Чэнь Вэнь -лардын “Кыргызча-кытайча тексттердин топтому” жана Кыргызча-англисче топик: Т.Айтикеев, Ж. Атамова, Шеранова Н., Төрөкелди кызы А., Каримов К., жана Мухтар кызы Н -лардын “Кыргызча-англисче тексттердин топтому”аттуу колдонмолору бекитилсин жана аны басмадан басып чыгарууга уруксат берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.
4. 2023-2024-окуу жылынын окуу пландагы тандоо курстарынын каталогу бекитилсин.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**